**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы**

# «2020-жылдын 4-октябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө бөлүнгөн республикалык бюджеттин каражаттарын чыгымдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын отчету

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуунун укуктук негиздери

- «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 КР конституциялык Мыйзамы **(8-гл.)**
- «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» 2011-жылдын 30-июнундагы № 62 КР Мыйзамы **(6-гл. 25-бер.)**
- 2016-жылдын 16-майындагы № 59 КР Бюджеттик кодекси жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын тутумуна кирген башка ченемдик укуктук актылар
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комисиясына, аймактык жана участкалык шайлоо комисияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө жобо “КР БШК 2020-жылдын 26-июнундагы № 114 токтому)

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуунун финансылык негиздери

- Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларынын чыгымдары *бир жылга жана пландык мезгилге республикалык бюджет жөнүндө КР Мыйзамында* белгиленген **республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен** жүргүзүлөт
- Шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдарды Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен **чыгашалардын сметасына** ылайык каражаттардын чектеринде ишке ашырат.
- Чыгашалардын сметасы КР ченемдик укуктук актыларында белгиленген нормаларды, коэффициенттерди, лимиттерди, ставкаларды эске алуу менен түзүлөт, алар шайлоо процессинин бардык деңгээлинде (БШК, АШК, УШК) шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон чыгашалардын бардык топторун пландаштыруу үчүн иштелип чыккан.

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуунун финансылык негиздери

- *Шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү, маалыматтык, билим берүү, илимий-изилдөө программаларын, референдумду техникалык жактан даярдоону өркүндөтүү, референдумдун катышуучуларынын укуктук маданиятын жогорулатуу программаларын каржылоону кошпогондо,* чет мамлекеттер, чет өлкөлүк мамлекеттик органдар, мекемелер жана ишканалар, башка чет өлкөлүк юридикалык жактар, алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү, чет өлкөлүк жарандар, эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар катышуучусу болуп саналган, Кыргыз Республикасында каттоодон өткөн юридикалык жактар тарабынан референдумду каржылоого тыюу салынат.

# Шайлоо комиссияларынын сметаларынын каражаттарын чыгымдоонун негизги багыттары

БШК, АШК, УШК иштерин материалдык-техникалык жабдуу

Маалыматтык технологияларды жана автоматташтырууну өнүктүрүү

Басма иштери, коммуникациялык кызмат көрсөтүү жана башка уюштуруу иштери

Кызматкерлерди, АШК, УШК мүчөлөрүн жана шайлоонун башка катышуучуларын окутуу

Шайлоонун ачык-айкындыгын, маалыматтык өнөктүктү камсыз кылуу

# 2020-ж. КР ЖК депутаттарын шайлоону уюштурууга жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларынын чыгымдарынын сметасы

- Борбордук шайлоо комиссиясы 2020-жылдагы шайлоолорду даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалардын сметасын **437,7 млн. сом** суммасында түзгөн жана бекиткен.
- Чыгашалардын сметасы төмөндөгү негизги сандык көрсөткүчтөрдү эске алуу менен эсептелинген:
  - АШК саны – 54, АШК мүчөлөрүнүн саны - 650 адам
  - УШК саны – 2464, алардын чет өлкөлөрдөгүсү – 44 (ТИМ), УШК мүчөлөрүнүн жалпы саны – 30833 адам
  - УШК ишине тартылган операторлорунун саны – 1846, ИИМ кызматкерлери – 4680 адам, башка адистер да ишке тартылган

# 2020-жылдын 4-октябрына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө республикалык бюджеттин каражаттарын бөлүштүрүү

| ЧЫГАШАЛАРДЫН БАГЫТТАРЫ | СУММАСЫ МИҢ СОМ |
|---|---|
| **РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТЕН БӨЛҮНГӨН БАРДЫК КАРАЖАТТАР, анын ичинде:** | **437 726,5** |
| **КР БШК төмөн турган комиссиялардын товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга борборлоштурулган тартипте БШК тарабынан төлөнүүчү чыгымдарын кошуп алганда, шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байланышкан ыйгарым укуктарды камсыз кылууга.** | **139 016,8** |
| **АШК шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү финансылык камсыз кылууга, анын ичинде:**<br>**- айлык акыга, С/фондго, иш сапарларына, шайлоо күнү жана шайлоонун алдындагы күнү комиссия мүчөлөрүнө (АШК саны – 54, УШК саны – 2464) суткалык төлөп берүүгө жана тамак ашка.** | **298 709,7** |

# ЧЫГЫМДООНУН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ДАЯРДООГО ЖАНА ӨТКӨРҮҮГӨ БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ЖАНА АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЫГАШАЛАРЫ

| Көрсөткүчтөрдүн аталыштары | Суммасы миң сом | Анын ичинде | |
|---|---|---|---|
| | | БШК чыгашалары | АШК чыгашалары |
| Төмөндөгүлөргө КР БШК, АШК тарабынан төлөнгөн чыгашалар: | | | |
| Эмгек акы | 212 502,1 | 23 167,3 | 189 334,8 |
| Социалдык фондго чегерүү 17,25% | 36 501,2 | 3 996,4 | 32 504,8 |
| Кызматтык чыгууларга чыгашалар | 2 754,1 | 1 871,0 | 883,1 |
| Байланыш кызматы | 6 467,6 | 6 467,6 | 0 |
| Транспорттук чыгымдар | 20 839,1 | 20 839,1 | 0 |
| Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар | 131 063,8 | 46 808,8 | 84 255,0 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюм-тайымдарды жана материалдарды сатып алуулар | 9 909,7 | 9 909,7 | 0 |
| **Жыйынтыгы:** | **420 037,6** | **113 059,9** | **306 977,7** |

# ЧЕЧМЕЛЕНГЕН МААЛЫМАТ

- КР БШК 2020-жылдын 4-октябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө республикалык бюджеттен бөлүнгөн **420 037,6 миң сом** суммасындагы каражаттар чыгымдалган.
- Кыргыз Республикасынын жарандарынын катышуусу жана конституциялык укуктарын жүзөгө ашыруусу үчүн КР БШК тарабынан **3 523 532** шайлоо бюллетени даярдалган.
- Бир шайлоочуга кеткен чыгым **119 сом 20 тыйынды** түзгөн (**420 037,6 миң сом**/3 523 532 шайлоочу).

# 2020-ЖЫЛДЫН 4-ОКТЯБРЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ДАЯРДООГО ЖАНА ӨТКӨРҮҮГӨ ИШ ЖҮЗҮНДӨ ЧЫГЫМДАЛГАН АКЧА КАРАЖАТТАРЫ

| БӨЛҮНГӨНҮ | 437 726,5 |
|---|---|
| **БАРДЫГЫ БОЛУП ЧЫГЫМДАЛГАНЫ, анын ичинде:**<br>**-БШК чыгымдары**<br>**-АШК чыгымдары** | **420 037,6**<br>**113 059,9**<br>**306 977,7** |
| **ПАЙДАЛАНЫЛБАГАН БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАРДЫН КАЛДЫГЫ (ҮНӨМДӨЛГӨНҮ)**<br><br>❖ **Маалымат иретинде:**<br>Окутууну өткөрүүгө керектөө, биометрикалык идентификациялоо операторлорунун транспорттук чыгымдары, ошондой эле АШК жана УШК мүчөлөрү үчүн чыгымдар БШКнын бекитилген чыгашалар сметасына киргизилген. Тийиштүү акча каражаттары БШКнын жеке эсебинен КР казначылыгынын системасы аркылуу АШКнын жеке эсебине которулат жана андан ары УШК ортосунда бөлүштүрүлөт. | **17 688,9** |

# 2020-ж. КР ЖК депутаттарын шайлоодо бюджеттик чыгашаларды оптималдаштыруу

- Оор эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу окутуу жана коомдук иш-чаралар он-лайн форматка өткөндүгүнө байланыштуу, ошондой эле эл аралык өнөктөрдүн колдоосун тартууга багытталган БШК тарабынан өткөрүлгөн иштердин натыйжалары боюнча төмөндөгүлөргө бюджеттин чыгашалары азайтылган:

  - шайлоо процессинин катышуучуларынын жашап туруусу үчүн жана транспорттук кызмат көрсөтүүгө;

  - окутуу жана маалыматтык материалдарды иштеп чыгууга, даярдоого жана жарыялоого;

  - кеңселик буюм-тайымдарды сатып алууга;

  -орун-жайларды ижарага алууга жана башкаларга.

# Мамлекеттик сатып алуулар

- Бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын иштерин камсыз кылуу үчүн, анын ичинде шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде, мамлекеттик сатып алуулар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Мыйзамынын талаптарына ылайык ишке ашырылган;
- Мөөнөтүнөн мурда шайлоолорду өткөрүүнү кошпогондо, мамлекеттик сатып алуулар борборлоштурулган түрдө (БШКнын деңгээлинде) ишке ашырылган;
- БШК бардык логистикалык операцияларды жана бардык тийиштүү финансылык документтерди жол-жоболоштурууну жүргүзүүнү, АШК ортосунда сатып алынган жабдууларды жана ТМЦны бөлүштүрүүнү *борборлоштурулган түрдө* жүргүзөт, АШК өз кезегинде аларды УШК ортосунда бөлүштүрөт.

# көзөмөл

- Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын максатуу чыгымдоону көзөмөлдөө үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында **көзөмөлдөө-текшерүү тобу** түзүлөт.
- Көзөмөлдөө-текшерүү тобун уюштуруу жана иштөө тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет *(БШКнын 2017-жылдын 14-июнундагы № 157 токтому менен бекитилген БШКнын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобунун иши жөнүндө жобо)*

# Чыгашалардын сметасынын кассалык аткарылышы

- Чыгашалар сметасынын кассалык аткарылышы белгиленген казначылыктын жол-жоболорунун негизинде КР ФМ Борбордук казначылыгынын бирдиктүү казналык эсебинде ишке ашырылат. Акча каражаттары *шайлоонун датасы дайындалган күндөн тартып он календардык күндөн кеч эмес* БШКнын жеке эсебине которулат жана шайлоо комиссияларынын ортосунда бөлүштүрүлөт.
- Бюджеттин кассалык аткарылышынын эсеби жана аны көзөмөлдөө документтердин электрондук формасын жана электрондук санариптик кол тамганы пайдалануу менен реалдуу убакыт режиминде ишке ашырылат.

# Шайлоолордо чыгашалардын сметасын түзүүнүн жана аткарылышынын ачык-айкындыгы

- Шайлоолорду даярдоодо жана өткөрүүдө бекитилген *чыгашалардын сметасы*, ошондой эле *республикалык бюджеттин каражаттарын чыгымдоо жөнүндө финасылык отчет* мыйзамдарда белгиленген мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына (shailoo.gov.kg ) **милдеттүү тартипте жарыяланат**.